КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

28-ноября 2024-ж № 1/9 Чат-Кель айылы

**«З. Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобосун бекитүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралы ПЖ № 54 "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын негизинде,"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгына байланыштуу, З. Кайназарова атындагы айылдык кеңешинин 2022-жылдын 11-апрелиндеги №3/1 токтомун эске алып, З. Кайназарова атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. З. Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айылдары боюнча үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттары боюнча бардык айылдарда ашыкча чыгым кылып өткөзүлбөсүн.
2. Аза күткөн маркумдун үйүндө мал союлбасын
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду коюу каадасын өткөрүү жөнүндө" Жобосу №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. К. Жумашалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Б.Ибраимов**

Тиркеме №1

Бекитилди

З. Кайназарова айылдык кеңешинин
№ 1/9 токтому менен.

" 28 " ____ 20 ___ ж.

**Жобо**

**З.Кайназарова айыл аймагындагы үйлөнүү, үй-бүлөлүк юбилдей майрамдардын, үй-бүлөлүк эскерүү каада салттарды жана өлгөндөрдү эскерүүгө арналган иш-чаралар жөнүндө**

**1.Жалпы жобо**

1.Бул Жобо «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарды иретке келтирүү чаралары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралында ПЖ №54-Жарлыгын аткаруу максатында иштелип чыкты.

2.Каада-салттарды ,салтанаттарды жана ырым-жырымдарды иретке келтирүү боюнча иш-чаралар бул руханий -адеп-ахлактык негиздерин турукташтыруу үчүн көрүлүүчү чаралардын тизмеси, социалдык адилеттикти камсыз кылуу, калк арасында айрыкча сарамжалдуу жаштардын калыптанышы салтанаттарды жана ырым-жырымдарды өткөрүүдө ысырапкорчулук маселелерине карата мамилелер.

3. Каада -салттарды,салтанаттарды жана ырым-жырымдарды тартипке келтирүү боюнча иш-чаралар ашыкча чыгымдарды жана ысырапкорчулукту жою зарылдыгы салтанаттарды жана ырым -жырымдарды өткөрүүгө жол бербөө улуттук каада салттарга, адеп-ахлак нормаларына карама каршы келген улуттук маданияттын баалуулуктарын коргоо максатында жана элдик каада-салттарды урматтоону калыптандыруу, ден-соолукту коргоону камсыз кылуу жана калктын адеп-ахлагы.

4. Каада-салттарды, салтанаттарды тартипке келтирүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн ошондой эле, сунуштарды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууну кабыл алынган Жоболорду көзөмөлгө алуу үчүн, З.Кайназарова айыл өкмөтүндө комиссия курамы бекитилсин.

5. Үй-бүлөлүк майрамдарды өткөрүүнүн тартиби, үйлөнүү тойлор, юбилейлер жана башка тойлор төмөнкү жобонун негизинде ишке ашырылсын:

6.Салтанаттуу майрамдарды өткөрүүдө негизсиз чыгымдарды азайтуу максатында ар кандай социалдык статусу бар жарандардынжашоо шартын эске алып, кайдыгерлик кылбай, курулай убаракерчиликке тыюу салынсын;

7. Үй-бүлөлүк эскерүү ырым-жырымдарды жана маркумдарды эскерүүгө арналган иш-чараларга бодо мал союлбасын;

8. Каза болгон жарандын үй-бүлөсүнө мал жандыгы союлбасын;

9. З.Кайназарова айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн комиссиянын курамы жобо боюнча тыкыр иш алып барсын, элдер менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;

10. Бул жобонун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөттүн башчысына жүктөлсүн.